DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-59-53-60
УДК: 37:808.5

***Мамрасулова А. Б.,*** *улук окут., e-mail: amamrasulova@oshsu.kg*
*ORCID: 0009-0008-4663-7767*
***Сыдыкова Т. М.,*** *пед. илимд. канд., доц.,*
*e-mail: tolgonay-sydykova@mail.ru*
*ORCID:0009-0004-0713-7664*
***Токтосунова З. Р.,*** *улук окут., e-mail: ztoktosunovaoshsu@mail.com*
*ORCID: 0009-0003-2691-2972*
*ОшМУ, Ош ш., Кыргызстан*

# МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ШАРТЫНДА БОЛОЧОК МУГАЛИМДИН КЕП МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

*Макалада маалыматтык-коммуникациялык билим берүү технологияларынын шарттарында болочок мугалимдин кеп маданиятын калыптандырууга байланышкан маселелер чагылдырылган. Авторлор кеп маданияты мугалимдин кесиптик маданиятынын, эне тилине болгон мамилесинин жогорку деңгээлде өнүгүшүн шарттайт деп белгилешкен. Ар бир элдин кеп маданиятынын туу чокусу анын адабий тили болуп саналат, анда элдин маданий*

*мааниси, салт-санаасы, сөз чеберлеринин, акын-жазуучуларынын жетишкендиктери бекемделген. Дал ушул адабий тил ар бир элде кылдаттык менен сакталып, улуттук тилди мындан ары өнүктүрүүгө да, аны "массага даңазалоого" да көмөктөшүүчү ресурс жана потенциал катары кызмат кылат. Ушуга байланыштуу, мамлекеттин жана коомдун бардык институттары менен түзүмдөрүнүн коомдогу мамилелер системасында элдин руханий кайра жаралышы, адеп-ахлак принциптерин өнүктүрүү жана адеп-ахлактык багыттарды орнотуу боюнча педагогикалык иш-чараларды уюштуруу актуалдуу болуп калат. Авторлор ар бир жарандын руханий-нравалык позициясы анын жүрүм-турумунун жана ишмердүүлүгүнүн негизи болуп, тилде, маданиятта, баарлашууда, анын инсандыгын дайыма өркүндөтүүдө жана өзүн-өзү өнүктүрүүдө күнүмдүк көрүнүшкө ээ болууга тийиш деп эсептешет.*

***Түйүндүү сөздөр***: *кеп маданияты, мугалим, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, кесиптик маданият, адеп-ахлак, өнүгүү.*

***Мамрасулова А. Б.****, ст. преподаватель, e-mail:amamrasulova@oshsu.kg*
*ORCID: 0009-0008-4663-7767*
***Сыдыкова Т. М.****, канд. пед. наук, доцент*
*e-mail: tolgonay-sydykova@mail.ru*
*ORCID: 0009-0004-0713-7664*
***Токтосунова З. Р.****, ст. преподаватель*
*e-mail: ztoktosunovaoshsu@mail.com*
*ORCID: 0009-0003-2691-2972*
*ОшГУ, г. Ош, Кыргызстан*

# РАЗВИТИЕ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЫ БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ В УСЛОВИЯХ ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

*В статье раскрываются вопросы, касающиеся становления речевой культуры будущего учителя в условия информационно-коммуникационных образовательных технологий. Авторы считают, что подлинная речевая культура человека, предполагает высокий уровень развития его общей культуры, включая профессиональную культуру, включая любовь к своему родному языку. Вершиной речевой культуры любого народа является его литературный язык, где закреплены и продолжают накапливаться культурные смыслы и традиции народа, достижения мастеров слова, поэтов и писателей. Именно литературный язык, бережно хранимый каждым народом, выступает тем ресурсом и потенциалом, который способствует, как дальнейшему развитию национального языка, так и его «продвижению в массы». В этой связи актуальным становится организация педагогической деятельности по духовному возрождению народа, развитию моральных принципов и утверждение нравственных ориентиров в системе социальных отношений всех институтов и структур государства и общества. Авторы утверждают, что духовная позиция каждого гражданина страны должна стать основой его поведения и деятельности, иметь каждодневное проявление в языке, культуре, общении, в постоянном совершенствовании и саморазвитии его личности.*

***Ключевые слова:*** *речевая культура, учитель, информационно-коммуникационные технологии, профессиональная культура, нравственность, развитие.*

***Mamrasulova A. B.****, senior lecturer, e-mail: amamrasulova@oshsu.kg*
*ORCID: 0009-0008-4663-7767*
***Sydykova T. M.****, Ph.D., professor, e-mail: tolgonay-sydykova@mail.ru*
*ORCID: 0009-0004-0713-7664*
***Toktosunova Z. R.****, senior lecturer, e-mail: ztoktosunovaoshsu@mail.com*
*ORCID: 0009-0003-2691-2972*
*Osh state university, Osh, Kyrgyzstan*

# DEVELOPMENT OF SPEECH CULTURE OF FUTURE TEACHER IN THE CONDITIONS OF INFORMATION AND COMMUNICATION TECHNOLOGIES

*The article reveals issues related to the formation of speech culture of future teachers in the context of information and communication educational technologies. The authors believe that a person's genuine speech culture presupposes a high level of development of his general culture, including professional culture, including love for his native language. The pinnacle of speech culture of any nation is its literary language, where cultural meanings and traditions of the people, achievements of masters of words, poets and writers are fixed and continue to accumulate. It is the literary language, carefully preserved by each nation, that acts as a resource and potential that contributes to both the further development of the national language and its "promotion to the masses". In this regard, the organization of pedagogical activity on the spiritual revival of the people, the development of moral principles and the affirmation of moral guidelines in the system of social relations of all institutions and structures of the state and society becomes relevant. The authors argue that the spiritual position of each citizen of the country should become the basis of his behavior and activity, have a daily manifestation in language, culture, communication, in the constant improvement and self-development of his personality.*

***Keywords***: *speech culture, teacher, information and communication technologies, professional culture, morality, development.*

“Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар» термини маалыматты чогултуу, иштетүү, сактоо, жайылтуу, чагылдыруу жана пайдалануу максатында интеграцияланган методдордун, процесстердин жана программалык-аппараттык каражаттардын жыйындысы катары берилет. Ал өзүнө компьютердик техниканын негизинде иштеген ар кандай программалык-техникалык каражаттарды жана түзүлүштөрдү камтыйт. Андан башка маалыматты чогултууну, топтоону, сактоону, өндүрүүнү жана берүүнү камсыз кылган маалымат алмашуунун заманбап каражаттарын жана системаларын түзөт [1, 20-б.].

Билим берүү системасында коммуникациялык жана санариптик технологияларды адам жашоосунун дээрлик бардык чөйрөлөрүнө киргизүү, ошондой эле Интернеттин жана мобилдик байланыштын 4G, 5G пайда болушу жана жайылуусу көптөгөн социалдык институттарга таасирин тийгизген акыркы он жылдыктардын негизги технологиялык ачылышы катары каралат. Гуманитардык билим берүүнүн абалы жана анын жаңылануу перспективалары англис тилин жана кеп маданиятын өркүндөтүүнү жана өнүктүрүүнү актуалдуу кылууда. Так сүйлөө маданияты жалпы адамзаттык маданияттын жогорку деңгээлин, кесиптик маданиятты, эне тилин аң-сезимдүү сүйүүнү шарттайт. Кеп маданиятынын туу чокусу болгон адабий тилде элдин маданий каада-салты, сөз чеберлеринин, жазуучулардын жетишкендиктери каралып, топтолгон. Белгилүү бир тарыхый этапта белгилүү маданий-тарыхый шарттарда пайда болгон адабий тил өзүнөн өзү белгилүү бир мезгилдеги элдердин руханий өнүгүү деңгээлинин көрсөткүчү катары кызмат кылат.

Бүгүнкү күндө көптөгөн экономикалык, саясий жана социалдык кыйынчылыктардын себебин азыркы коомдогу руханий денгээлдин төмөндүгү жана адеп-ахлактык баалуулуктардын төмөндөшү түзөрү айкын болуп турат. Ушуга байланыштуу, коомдун руханий кайра жаралышы, мамлекет менен коомдун бардык институттарынын жана структураларынын социалдык мамилелер системасында адеп-ахлактык принциптерди өнүктүрүү жана адеп-ахлактык багыттарды орнотуу актуалдуу болуп калат. Республиканын ар бир жаранынын рухий позициясы анын жүрүм-турумунун жана ишмердүүлүгүнүн негизи болууга тийиш, ал тилде, маданиятта,

баарлашууда, анын инсандыгын тынымсыз өркүндөтүүдө жана өзүн-өзү өнүктүрүүдө байкалат. Руханий маданиятты өздөштүрүү процессинде билим берүү системасынын бардык баскычтарында ата-энелер жана мугалимдер негизги ролду ойнойт. Мугалим, албетте, инсан болуп, өзүн-өзү тарбиялоонун ыкмаларын өздөштүрүп, кесиптик ишмердүүлүгүндө чыгармачылык менен иштеши педагогикалык да, кесиптик маданияттын да жогорку деңгээлине, маданияттын бардык компоненттерине (моралдык, интеллектуалдык, руханий-гуманитардык, усулдук, коммуникативдик, маалыматтык-коммуникациялык жана технологиялык маданият), анын ичинде сүйлөө маданияты ээ болуусу зарыл. Албетте, билим берүү системасындагы адистин (профессор, окутуучу, педагог) маданияты анын жүрүм-турумунун жана ишмердүүлүгүнүн чыгармачылык башталышынын ажырагыс көрсөткүчү катары бардык белгиленген компоненттердин биримдигинде жана өз ара аракетинде өнүгөт. Азыркы коомдо сүйлөө маданияты терең атайын билимдин болушун гана эмес, ошондой эле жогорку тилдик жана жалпы маданий даярдыкты талап кылган адистерге суроо-талап өсүүдө. Коомчулукка кесиптик ишмердүүлүктү коомдун жана маданияттын көйгөйлөрү менен координациялоочу адис керек деген түшүнүк бар. Коомдун эң маанилүү социалдык институттарынын бири болуп болочок муундун толук социалдашуусу жана инсандык өнүгүүсү, алардын улуттук өзгөчөлүгүн жана активдүү жарандык позициясын калыптандыруу ишке ашырылган жалпы билим берүүчү жай эсептелип келген. Бул мамлекеттик эң маанилүү милдет жалпысынан билим берүү уюмунун бүткүл педагогикалык жамаатына, анын бардык мугалимдерине, башка кызматкерлерине жүктөлөт. Ал эми жогорку окуу жайдын алкагында болочок мугалимдин профессионалдык билим берүүсү маданий-агартуу, уюштуруу-методикалык жана башка түрлөрүнүн натыйжалуулугу келечектеги ар кандай адистиктин (англис тилчи, математика, физика, биология, дене тарбия ж. б.) мугалими кандай компетенттүү даярдаларынан көз каранды. Болочок мугалимдин ишмердүүлүгүндөгү маанилүү аспектилердин бири анын студенттерге тарбиялоо процессин стимулдаштырууга, аларды колдоо жана педагогикалык жардам көрсөтүүгө даярдыгы болуп саналат. Педагогдун мындай иш-аракеттеринин маңызы студенттерге багыт алууга, иштөө көндүмдөрүнө ээ болууга же калыбына келтирүүгө жардам берүү болуп саналат. Мындай өз ара аракеттенүү педагогикалык билим берүү процессинин мүчөлөрүнүн ортосундагы диалог жана баарлашуу түзүлбөй туруп ишке ашуусу кыйынчылыкты жаратат. Өзүнүн ишмердүүлүгүндө ашыкча окуу жүктөмүн аркалаган окутуучу студенттерди тарбиялоо жана коомдоштуруу маселелерин тийиштүү деңгээлде чече албай, ар кандай тарбиялык иштерди уюштура албай жатканы түшүнүктүү. Ошол себептен азыркы коомдун көйгөйлөрүн чечүүдө мугалимдин педагогикалык чеберчилигине ылайык, тактап айтканда, анын сүйлөө маданиятына ар кандай топтор (достор, курсташтар) менен өз ара аракеттенүү жана баарлашуу процессин уюштурууга мүмкүндүк берүүчү зор роль ойнойт деп ишенимдүү айта алабыз. Мугалимдин профессионалдык баарлашуусу анын педагогикалык ишмердүүлүгүн жүргүзүү процессинде башка инсандар менен оозеки өз ара аракеттенүүсүн билдирет. Ошентип, баарлашуу маданияты мугалимдин кесиптик маданиятынын маанилүү бөлүгү деп айта алабыз, анткени анын сүйлөгөн сөзү педагогикалык ишмердүүлүктүн негизги куралы болуп саналат. Болочоктогу педагог үчүн сүйлөө маданиятынын өнүгүүсүнүн төмөн (орточо) деңгээли жетишсиз.

Бүтүрүүчү адис сүйлөө маданиятынын жогорку деңгээлине ээ болушу керек, анткени анын кесиптик ишмердүүлүгү студенттердин кептин таасири менен түздөн-түз байланыштуу. Педагогикалык ишмердүүлүк – бул бир адамдын экинчи адамга тикелей таасири эмес, биринчи кезекте, алардын өз ара аракети, анын негизинде мугалимдик кесиптин баалуулуктары аныкталат:

− инсандын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо;

– башка ишенимдерге, дүйнө таанымдарга жана үрп-адаттарга сабырдуулук;

– маданий көп түрдүүлүккө ачыктык;

– ийкемдүүлүк, адаптациялоо, эмпатия жасоо жөндөмдүүлүгү;

– жеке баалуулуктарды, тилди жана баарлашууну түшүнүү;

– өз алдынча билим алуу, аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрү;

– коммуникация жана тил көндүмдөрү;

− кызматташуу көндүмдөрү, конфликттерди чечүү көндүмдөрү.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы кеп маданиятынын коомдук-педагогикалык ишмердик системасындагы ролун жогорулатуу жана бул кубулушту терең талдап чыгуу зарылдыгы жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берет. Ошентип, жогоруда айтылгандардан төмөнкүдөй жыйынтык чыгарсак болот: азыркы билим берүү системасына өзүнүн ишмердүүлүгүн, окуу процессинин катышуучуларынын ишмердүүлүгүн алдын ала долбоорлоо, пландаштыруу менен чектелбестен, мыкты башкарууга ээ адис керек. Андан башка маалыматтык, коммуникациялык жана санариптик технологияларды өздөштүрүүгө, ар кандай өзгөрүүлөргө профессионалдык жана психологиялык жактан даяр болууга, өзүнүн кесиптик ишинин натыйжасы үчүн жоопкерчиликти көтөрүүгө жөндөмдүү болууга.

Буга байланыштуу, кеп маданияты, тилдик даярдык маселелери изилдөөчүлөр К. А. Биялиевдин, К. Д. Добаевдин, М. Х. Манликованын, Ж. А. Чымановдун, В. И. Мусаеванын эмгектеринде чагылдырылат. Изилдөөчүлөрдүн ар кандай мамилесин талдоодо «кеп маданияты» бардык аныктамалар үчүн жалпы алардын сөзгө жана тилге тикелей таандык экендигин белгилейбиз.

Бул аныктамалар «кеп маданияты», биринчиден, маданияттын бир бөлүгү катары берилиши, андан кийин «аң-сезимдүү муктаждыктын өнүгүшү», үчүнчүдөн, аныктамада «ээлик» болуп, ушул концептуалдык катарды толуктаганы менен айырмаланып, жалпы маданияттын ажырагыс бөлүгү болуп калат.

Окумуштуу Н. И. Жинкиндин эмгегинде кеп ишмердүүлүгүнүн окутуу процессиндеги орду менен мааниси төмөнкүдөй аныкталат: «Эң негизги кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүдөгү кыйынчылыктардын бири – сабак учурундагы кырдаалдуулук. Бул кыйынчылыктан чыгуунун жолунун бири – окуучунун сүйлөө муктаждыгы» [4, 12-б.]. Н. И. Жинкиндин эмгектерине кайрылып, аларды окутуунун теориялык негиздери катары пайдаланып келе жатышкандыктары да берилген материалдардын керектүүлүгүн далилдеп турат. Эки адамдын ортосунда сүйлөө муктаждыгы жаралса, тема кызыктуу баарлашууга алып келет. Сабак учурунда студенттердин сөз байлыгын өстүрүп, коммуникациялык билгичтиктерин, ага болгон муктаждыгын жаратуу керек. Ошондо гана анын зарылдыгы жана муктаждыгы келип чыгат.

Түрк окумуштуусу, профессор, доктор М. Эргин: «Тил – байланыш курган табигый каражат, жандуу зат, социалдык кубулуш, сырдуу мамиле түзүлүшү, ошондой эле сыйкырдуу зат, сезим жана пикирлерди туюндурган, ар түрдүү белгилерден пайда

болгон, көп тараптуу, кең система» – деп, тил адамдын жан дүйнөсүндө, т. а., психологиясында чагылдырылган образдардын топтому экендигин белгилеп көрсөткөн. Анткени сөздүн өз алдынча турганда жана сүйлөмдөгү маанисин түшүнө билүү, ал маанилердин угуучу жана окурман тарабынан айтылуучу ойдун максатына, темасына жана тексттин стилине ылайык кабыл алынуусу байланыш-катышта негизги орунду ээлейт [5, 116-б.].

Бул аныктамадагы негизги сөз айкалышы "тандоо жөндөмү" болуп саналат. Тандоо – бул инсандык өзгөчөлүк, башкача айтканда, студент өзү тандоо жасайт, же анын алгачкы сүйлөө маданиятынын деңгээлин жогорулатуунун пайдасына, же бул маселеге эч кандай көңүл бурбоо; же адабий тил, сөз айкаштары жагынан туура колдонууга үндөйт. Демек, тандоо укугу студентте калат. Бирок жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын милдети ушундай педагогикалык шарттарды түзүү болуп саналат, анкени студенттердин кеп маданиятын, жалпысынан алганда, сүйлөө маданиятын өнүктүрүү үчүн тандоого көмөк көрсөтүшөт. Кеп маданиятынын жогорку деңгээли жеке адамдын жогорку жалпы маданиятын, ой жүгүртүүсүн жана өз тилин жакшыртууга жана өнүктүрүүгө аң-сезимдүү умтулууну шарттайт. Кептин тез темптери, монотондуулугу, лексиканын жетишсиздиги, толуктоочу сөздөрдү колдонуу, вульгаризм жана башка азыркы адабий тилде четке кагылган сөздөр терс таасир калтырат. Кеп маданияты тилдин коммуникация процессинде лингвистикалык каражаттарды тандоону жана колдонууну жөнгө салуу көндүмдөрүн өнүктүрөт жана аларды кеп практикасында колдонууга аң-сезимдүү мамилени калыптандырууга жардам берет [6, 235-б.].

Психологиялык структурасы боюнча кеп ишмердүүлүгү төрт фазаны өзүнө камтыйт:

- мотивациялык – окутуучу студенттерге англис тилин билүү замандын талабына ылайык жана келечегине абдан керек экендигин түшүндүрүп айтып бериши керек;
- аналитикалык-синтетикалык – адамдын акыл-эси, ой жүгүртүүсүнө байланыштуу;
- студенттерди сабак учурунда активдүүлүгүнө жараша жыл бою текшерүүгө алуусу;
- студенттердин каталарын оңдоо – окутуучу тарабынан, жанында отурган студент тарабынан майда топторго бөлүп, топтордун лидерлери тарабынан каталарын оңдосо болот.

Ошондуктан «кеп маданияты», «сүйлөө маданияты» түшүнүгү көбүрөөк даражада инсандык аспектини биринчи планга чыгарат, анткени «тилдин системалык да, эволюциялык да аспектилерин эске алган норма, үчүнчү координатсыз – жекече, башкача айтканда, тилдик аң-сезимсиз мүмкүн эмес» түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт .

Жогоруда аталган авторлордун эмгектерин талдоодо кеп маданиятын жана чечендик чеберчиликти изилдөөнүн актуалдуулугу жалпы ынтымактуу жашоону уюштурууга, толеранттуулукка, кайрымдуулукка жана өз ара түшүнүшүүгө болгон умтулуу менен артыкчылык байланышта экенин көрсөтөт.

Илимий-техникалык прогресстин жогорку темптери, адамдардын таанып-билүү иш-аракетинин чөйрөсүнүн кеңейиши, азыркы коомдогу турмуштун өнүгүүсү – мунун баары маалыматтык ресурстардын олуттуу өсүшүнө негиз болгон. Заманбап дүйнө маалыматтын барган сайын өсүп жаткан маанилүүлүгү, ар түрдүүлүгү менен

мүнөздөлөт. Бүгүнкү күндө бул – интеллектуалдык ресурстардын, маалыматтык технологиялардын жана коммуникация инфраструктурасынын жыйындысы.

Маалыматтык, коммуникациялык жана санариптик окутуу технологияларын ЖОЖго киргизүү шартында болочок мугалим жогорку деңгээлдеги маалыматтык-коммуникациялык жана технологиялык маданиятка ээ болушу керек экенин көрсөтүп турат. Ушуга ылайык, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүү шартында кеп маданиятынын өнүгүүсүнүн синхрондуулугун кароодо сөз маданиятын студенттердин маалыматтык-коммуникациялык жана технологиялык маданияты деп түшүнүүгө да болот. Демек, технологиянын өнүккөн заманында студенттер үчүн өз алдынча билим алууга үйрөнүү маанилүү болуп, алар өз ишмердигинде жаңы маалыматтык технологияларды кеңири колдонууда. Жогорку билим берүү системасына коюлган милдет болочок адистерди даярдоого негиздүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү шарттайт. Өнүгүүнүн стратегиясы менен программаларында белгиленгендей, жогорку кесиптик билим берүү системасы студенттердин креативдүү жөндөмдүүлүктөрүнө, окуу жайын бүтүрүүчүлөр өз ордун таба ала тургандай көндүмдөргө жана билгичтиктерге ээ болушуна басым коёт. Ал эми кайрадан каралып жаңыланган билим берүүнүн стандарты болочок адистердин компетенттүүлүгүн калыптандырууну көздөйт. Бул изилдөөлөргө жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, бул технологиялардын негизиндеги окуу каражаттары маалыматтык билим берүү чөйрөсүнүн түзүлүшүндөгү зарыл шарт болуп саналат. Ал эми алардын пайдаланылышы, анын негизинде жүзөгө ашырылган окуу технологиялары билим берүү сапатын күтүлбөгөн деңгээлге жогорулатат.

Мына ошого байланыштуу, маалыматтык билим берүү чөйрөсүндө студенттердин кеп маданиятын илимий багытта уюштурулушунун төмөнкүдөй аныкталган багыттарын изилдөө маселеси актуалдуулукка айланды:

- жогорку окуу жайларында билим берүү процессин гумандаштырууга коюлган суроо-талап;
- МКТны пайдалануу аркылуу уюштурулган студенттердин өз алдынча иштеринин изилденишинин зарылдыгы;
- өз алдынча билимин тынымсыз өнүктүрүп турган, чыгармачылык потенциалга ээ болгон, өзүн-өзү көрсөтө билүүгө жөндөмдүү жогорку квалификациядагы адистерге ээ болгон коомчулуктун суроо-талабы.

Ошентип, маалымат, коммуникация жана технологиялар билимдин деңгээлин жана сапатын жакшыртууга жардам берген прогресстин кыймылдаткыч күчтөрү болуп саналат. Алар предмети, орду же убактысы менен чектелбейт жана адам жашоосунун ар кандай чөйрөлөрүн, анын ичинде билим берүү үчүн ресурстар менен камсыз кылууда чоң роль ойнойт.

Албетте, маалыматка болгон муктаждык – адамдын кесиптик ишмердүүлүгүндө анын өзгөчө маанисин аныктаган ар кандай иш-аракеттин алдында турган негизги муктаждыктардын бири. Мындан тышкары, маалымат маданияты баалуулуктар системасынын негизги категориясы болуп саналат. Глобалдык маалымат коомунун Окинава Хартиясында белгиленгендей, XXI кылымдын коомунун калыптанышына таасир этүүчү эң маанилүү факторлордун бири – технологиялык маданият жана маалыматтык-коммуникациялар [7, 65-б.].

Анлис тилин окуган студенттер үчүн МКТ маданиятынын көйгөйү өзгөчө маанилүү, анткени окуу мезгилинде алар чоң көлөмдөгү маалыматты иштеп чыгуу менен гана чектелбестен, мугалимдин маалыматтык, ориентациялык жана гностикалык функцияларын ишке ашырууга даярданышат.

Заманбап МКТ маданияты, бир жагынан, маалыматташтыруу процессинин натыйжалуулугуна, коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн, өзгөчө, кесипкөйлүгүн камтыган социалдык маанилүү ишмердикти өзгөртүүгө жана алардын натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшөт. Башка жагынан алганда, МКТ – заманбап коомдогу маданият, адамдын маданий жана кесиптик ишмердүүлүгү аркылуу маалыматташтыруунун терс кесепеттерин жеңүүгө жардам берет.

МКТ маданияты жашоо образын жана коммуникациялардын мүнөзүн кайра түзөт, адамдын менталитетине жана жүрүм-турумуна таасирин тийгизет, анткени ал, негизинен, үн жана сүрөткө багытталган аудиовизуалдык мозаика формасында көрсөтүлөт.

Маалыматтык технологиялар англис тилин окутууда жогорку коммуникативдик мүмкүнчүлүктөргө ээ, студенттердин сүйлөө жана угуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Аларды окуу иш-чараларына активдүү киргизет жана коммуникативдик компетенттүүлүк көндүмдөрүн эффективдүү өнүктүрөт. Ошондуктан англис тилин окутуу процессинде МКТны колдонуу чет тилдерин үйрөнүүдө оң натыйжаларды көрсөтүп, студенттердин мотивациясын жана кызыгуусун жогорулатуу жөнүндө айтууга мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**

1. Абдугулова, Г. С. Информациялык технологиялар жаатындагы болочок адистердин кесиптик компетентүүлүгүнүн калыптанышында CAD-системдердин ролу [Текст] / Г. С. Абдыгулова // Наука и инновационные технологии. - 2016. - №. 1. - 17-20-бб.

2. Логачева, Л. Р. Основы профессионально-речевой культуры будущего социального педагога : Учебное пособие для студентов высших педагогических учебных заведений [Текст] / Л. Р. Логачева. - М. - Бирск: Бирск. соц.- пед. академия, 2008. - 132 с.

3. Сиразеева, А. Ф. Инновационные технологии обучения иностранному языку в вузе [Текст] / А. Ф. Сиразеева, Л. А. Валеева, А. Ф. Морозова // Современные проблемы науки и образования. - 2015. - №. 3. - С. 310-318.

4. Жинкин, Н. И. Языковые средства развития речевой культуры у студентов: монография [Текст] / Н. И. Жинкин. - Балашов: Изд-во БГПИ, 2000. - 96 с.

5. Эргин, М. Гуманитарная составляющая в процессе формирования профессиональной культуры педагога [Текст] // Ученые записки РГСУ. - 2022. - Т. 15. - № 3(136). - С. 114-120.

6. Сайпидинова, Б. А. Студенттердин коммуникациялык компетентүүлүгүн калыптандыруу [Текст] / Б. А. Сайпидинова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2020. - №10. - С. 234-238

7. Борисов, Н. В. Окинавская хартия глобального информационного общества [Текст] / Н. В. Борисов, Ю. Е. Хохлов // Концепции и программы: сб. докл. и матер. - СПб., 2001. - С. 63-71.